**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ**
**ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ**

**ОРГОЧОР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЫСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН**

**МЕСТНЫЙ КЕҢЕШ**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА ОРГОЧОР**

## ОРГОЧОР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШИНИН I- ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН КЕЗЕКТЕГИ СЕССИЯСЫ

## ТОКТОМ

2026-жылдын 20-январы №102 Оргочор айылы

**«Ак-Таш» жайлоосунда «Ак Илбирс» фестивалын өткөрүү жана аймактагы нефрит ташы жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө», «Туризм жөнүндө» жана «Жер казынасы жөнүндө» Мыйзамдарына ылайык, аймактын туристик потенциалын өнүктүрүү, инвестиция тартуу жана жаңы жумуш орундарын түзүү максатында Оргочор жергиликтүү кеңеши токтом кылат:

1. Ысык-Көл облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 2025-жылдын №233 тескемесин, Жети-Өгүз райондук мамлекеттик админитрациянын 2025-жылдын №288 тескемесинин негизинде кышкы туризмди өнүктүрүү боюнча айыл өкмөт башчы Н.Жусуповдун билдирүүсү эске алынсын.

2. Чоң-Кызыл-Суу айылынын туристик потенциалын жогорулатуу максатында «Ак-Таш» жайлоосуна «Ак Илбирс» фестивалын уюштурууга жана нефрит ташынын үстүн ачуу менен туризм багытында пайдаланууга макулдук берилсин.

**3.** Оргочор айыл аймагынын "Ак-Таш" жайлоосунда жайгашкан нефрит ташынын катмары жергиликтүү маанидеги "Табигый туристик -объект" катары таанылсын жана ишмердүүлүгүн жүргүзүү "МТАА Агро МТС" муниципалдык ишканага жүктөлсүн.

**4.** Аталган аймакта нефрит таштын табигый көрүнүшүн бузууга, аны кесүүгө же өнөр жайлык максатка казып алууга катуу тыюу салынсын жана курчоого алынып коргооого алынсын.

**5.** Кышкы туризмдин алкагында уюштурулуп жаткан "Ак Илбирс" фестивалын уюштурууга жана мыйзам чегинде нефрит ташынын үстүн ачып, тегерегин иретке келтирүүгө 1 500 000 (бир миллион беш жүз миң) сом акча каражаты жергиликтүү бюджеттин каралсын.

6. Айыл өкмөт башчысы Н.Жусуповго

   1) Фестивал өткөрүлүүчү аймактын санитардык-экологиялык коопсуздугун жана келген коноктордун коопсуздугун камсыздоо;
   **2)** Нефрит ташынын үстүн ачуу менен туризм багытында пайдаланууда жана жергиликтүү бюджеттин казынасын толтурууга иш алып баруу жагы "МТАА Агро МТС" муниципалдык ишканасынасы аркылуу жүргүзүү жагы тапшырылат.

7. Бул токтом Кыргыз Республикасынын өнөр жай, энергетика жана жер казынасын пайдалануу боюнча мамлекеттик комитети жана Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Туризм департаменти менен тиешелүү тартипте макулдашылсын.

8. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын айыл чарба маселелери жана финансы пландоо, бюджеттин аткарылышын көзөмөлдөө жана сырттан келген инвестицияны көзөмөлдөө маселелери боюнча туруктуу комиссияларына жүктөлсүн.

**Төрага** **А.Тыныбеков**